| КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>НАРЫН ОБЛУСУ<br>ЖУМГАЛ РАЙОНУ<br>БАЙЗАК АЙЫЛ<br>АЙМАГЫНЫН АЙЫЛДЫК<br>КЕНЕШИ | | КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>НАРЫНСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>ЖУМГАЛЬСКИЙ РАЙОН<br>АЙЫЛЬНЫЙ КЕНЕШ<br>БАЙЗАКСКОГО АЙЫЛНОГО<br>АЙМАКА |
|---|---|---|

**ДЕПУТТАРДЫН VIII -ЧАКЫРЫЛЫШЫНЫН БАЙЗАК АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН БАЙЗАК АЙЫЛДЫК КЕНЕШИНИН № 18 КЕЗЕКСИЗ СЕССИЯСЫНЫН**

13.01.2023-жыл Байзак айылы

# ТОКТОМУ № 18/7

**Байзак айыл аймагынындагы жайыт пайдалануучулар бирикмесинин жана “Көлмө” ИСКАКБ нын мүлктөрүн муниципалдык менчикке кабыл алуу жөнүндө.**

Кыргыз Республикасынын “Мүлккө болгон муниципалдык менчик жөнүндө” Мыйзамынын 2, 19-берненелерине ылайык Кыргыз Республикасынын “Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө” Мыйзамынын 34-беренсине ылайык Жайыт пайлананууучулар бирикмесинин жана “Көлмө” ИСКАКБнын мүлктөрүн муниципалдык менчикке өткөрүп берүү жөнүндө чечими тууралу Байзак айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн башчысынын укугуна берүү жөнүндө **токтом кылат:**

1. Жайыт пайдалануучулар бирикмесинин мүчөлөрүнүн жалпы жыйынынын менчигиндеги мүлктөрдү муниципалдык менчикке берүү жөнүндө суроо-талабы канааттандырылсын.
2. “Көлмө” ИСКАКБынын мүчөлөрүнүн жалпы жыйынынын менчигиндеги мүлктөрдү муниципалдык менчикке берүү жөнүндө суроо-талабы канааттандырылсын.
3. Байзак айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн башчысы Б.С.Сагынбеков
   1) Жайыт пайдалануучулар бирикмеси менен мечигиндеги мүлктү кабыл-алуу берүү актысын түзсүн.
   2) Жайыт пайдалануучулар бирикмеси менен мүлктөрдү берүү келишимине кол койсун, аны мамлекеттик нотариустан күбөлөндүрсүн жана мамлекеттик каттоо кызматтарынын органдарына каттатсын.
   3) “Көлмө” ИСКАКБы менен мечигиндеги мүлктү кабыл-алуу берүү актысын түзсүн.
   4) “Көлмө” ИСКАКБы менен мүлктөрдү берүү келишимине кол койсун, аны мамлекеттик нотариустан күбөлөндүрсүн жана мамлекеттик каттоо кызматтарынын органдарына каттатсын.
   5) Жайыт пайдалануучулар бирикмеси менен “Көлмө” ИСКАКБынын мүлктөрүн менчик реестрине камтысын.
4. Ушул токтом айыл өкмөтүнөн каттоодон өткөрүлүп www.gamsumo.gov.kg сайттына жарыялансын жана Кыргыз Республикасынын Ченемдик укуктук актыларынынмамлекеттик реестрине киргизүү үчүн Нарын облусунун юстиция башкармалыгына жөнөтүлсүн.
5. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө Байзак айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн башчысы Сагынбеков Байыш Сагынбековичке милдеттендирилсин.

**Байзак айыл аймагынын айылдык кеңешинин төрайымы:** **М.Молдалиева**